# КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАРДА СӨЗ МЕНЕН ИШТӨӨ ЧЕБЕРЧИЛИГИ ЖӨНҮНДӨ (ЖАЗУУЧУ ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВДУН ПИКИРЛЕРИНИН НЕГИЗИНДЕ)

**ДЖУМАЕВА Ж.,**
улук окутуучу, ОГПИ

Көркөм чыгарма жаратуучулардын мейли ал акын болсун, мейли жазуучу, адабий сынчы болсун, алардын жалпы элдик тилге жасаган мамилеси, тилдеги жандуу сөздөрдүн «жашыруун сырын» ачууга дилгирленип, көгөрө ар бир сөздөн жаңы кошумча маани табууга тырышып, аны өз чыгармасында жандуу колдоно билүү менен жалпы элдик тилдин көркөмдүгүн, баалуулугун, күч-кубатын, ошону менен катар эле назиктигин жана ийкемдигин ачып берүү аркылуу окурманды элдик тилди сүйүп кадырлоого үйрөтөт. Албетте, бул касиет окурмандын кебине оң таасирин тийгизип, оозеки сүйлөөдө адабий тилдин нормаларын жана талаптарын так аткарууга эле эмес, өз эне тилин мыкты өздөштүрүүгө ынтаасын ойготот.

Ар бир жазуучунун сөзгө болгон мамилесин, аны менен иштөө чеберчилигин калеминен жаралган чыгармаларынан көрүүгө болот. Орус адабиятынын улуу жазуучусу А.С. Пушкиндин чыгарма жаратуудагы «карапайымдуулугу» же болбосо чыгармаларда адабий тилдин нормасына туура келбеген сөздөрдү колдонушу, анын жазуучулук чеберчилигинин өзгөчөлүгү. Бирок көркөм чыгарманын тили сүйлөшүү стилине туура келе бербегени менен, Пушкин орус тилин бурмалоого алып келген «кылыктуу, жасалма жана назиктикти» талап кылган сөздөрдөн качып, көркөм адабияттын керт башына тиешелүү болгон чектерден чыгууну практикалаган. Бул туурасында ал мындай дейт: «Только революционная голова, подобная Мирабо и Петру, может любить Россию так, как писатель только может любить ее язык. Все должно творить в этой России и в этом русском языке» [1:7-б.].

Кыргыз адабиятында жазуучунун тили жана сөз менен иштөө чеберчилигине профессионал адабиятчы катары Т.Сыдыкбеков өз замандаштарынын калеминен жаралган чыгармаларын жакшы сапатын белгилеп мактап, олдоксон жерин баса көркөстүп сындаган адис катары да белгилүү. Анын публикацияларынын жыйнагын карап отуруп, бүгүнкү күндө да кыргыз адабиятында салмактуу орду бар акын-жазуучулардын кемчиликтерин туура сынга алып көрсөткөнүн баамдайбыз. Ушул сыяктуу эскерүүлөрүнүн биринде К. Жантөшевдин чыгармаларына сын көз менен баа бергенин учураттык. Анда К. Жантөшевдин алгачкы чыгармаларында фольклорго көбүрөөк ыктап, «уйкалышкан макал-лакаптарды каармандарга зордук менен айттырып» карапайым элдин сөзүндө кездешүүчү сөздөрдү ашыкча өлчөмдө колдоно берүүнүн натыйжасында каарманды көз алдына келтирбей (көрбөй) жасалма сүрөттөй бергенин сындаса, жазуучунун «Тилекте» аттуу чыгармасында бир топ жаңы ыкмалар пайда болуп, «мейли сүрөт, диалог, окуянын берилиши, сүйлөм түзүлүшү, тили, каармандардын кебетелери мыйзамдуу өлчөмгө өтө баштагандыгын» [2:99-б.] байкап, муну жазуучунун алга таштаган кадамы катары кубаттайт.

Өзүнүн замандаш калемгерлерининин арасынан чыгармачылыкта өзү үчүн үлгү алган учурларын да моюнга ала, алардын ичинен М. Элебаевдин чыгарманын үстүндө иштегенде «сөз тунугун ылгоолоп» иштегенин, калемгерлердин арасында «көп окуп, көптү билген, элинин турмушун, кайгы-муңун кылдат сезген, тили бай, ички дүйнөсү кенен, өтө ак пейил» адам катары үлгү тутат. М. Элебаевдин жазуу чеберчилиги жөнүндө: «Мукай чыгармачылык азапты эртерээк сезген. Ал баштапкы кезде жазган ырларын кайра карап, редакциялап, көп оңдоолор киргизди. Кичинекей ырга терең маани берүү, ар бир сөздү өз ордунда туура пайдалануу, жаңы ыкмаларды табуу, дагы ушулар сыяктуу чеберчиликтин татаал жолдорун изилдөөдө көп эмгектенген жазуучуларыбыздын бири» [3:34-б.] – деп, Мукай Элебаевдин жаш жазуучуларга өрнөк болоп сапаттарын бөлүп көрсөтөт.

Азыркы күнгө чейин кыргыз поэзиясынын алпы, новатору катары бааланган акын

Алыкул Осмоновдун ырларын окуп чыгып, аздыр-көптүр маанисиз, орунсуз колдонулган сөздөрдүн учураганын баамдап, акындын жаңыдан басылып чыккан «Махабат» ырлар жыйнагындагы айрым ырларына сын көз караш менен карйт. Жыйнактагы «Чөп чабыкта», «Комбайн», «Сырт жайлоодо», «Кара көбөлөк» аттуу ырларынын мазмунун кыска баяндоо менен ***«…Деңиз көк, катарына жалп-жалп жатып…»,*** же болбосо ***«…Кайрадан шарк-шарк эткен кубаттуу үн!»*** деген саптарын мисал келтирип, андагы мазмун чалгынын тартылганы сүрөттөлгөнү менен сүрөттөө үчүн колдонулган тууранды сөз «шарк-шарк» тууранды сөзүнүн туура эмес, чалгыны тартканда «шырт-шырт», же «шарт -шарт» деген өзүнчө угумдуу үн угуларын, ал эми акын колдонгон тууранды сөздү «башы какжырагын үч-төрт кетменди алдыңа өңөрүп, желиши жаман атка желдирсең, анан угасың» - деп белгилейт. Жазуучунун заманынын залкар акынынын ырына берген бул сын пикири анын адабиятта баамчыл, кыраакы тилчи экенинен кабар берет. Тили жарды жазуучу канчалык анын кыялы ташкындабасын, канчалык көңүлү эргибесин, турмуш менен канчалык камыр-жумур болуп аралашпасын ойдогудай чыгарманы бере албайт. Ар бир жазуучунун өзүнө тиешелүү «устаканасы» болорун, ал устакананы ар ким өз алдынча таза кармап, асбеттеп тутунушу керек экенин эскертүү менен: «Уста кандай адис болсо да, дөшүсүз балта таптай албас эле. Анын сыңарындай жазуучу да мейли таланты болсун, тили жарды болсо, ал бечара болот, жазуучунун бирден-бир байлыгы – тил!» -деп, көркөм чыгарманын жаралышы үчүн жеке эле тилдин аздык кыларын, ага чеберчилик кошулса, жазылган эпизоддор жөнөкөй гана тил менен сонун сүрөттөлүшкө ээ болуп, чоңго да, балага да бирдей түшүнүктүү болорун эскертет. Ушул сыяктуу көркөм чыгармада көрүнүштү, каармандын кебете-кешпирин, же жөн гана жаратылыштын койнун сүрөттөө ишинде орустун улуу жазуучусу Л.Н.Толстойдон үлгү алууга чакырып, анын «Жаңы алиппе» аттуу китебинен сүйлөмдү мисал келтирет: «Спала кошка на крыше, сжала лапки. Села после кошки птичка. Не сиди близко, птичка, кошки хитры.» [2:141-б.] Бул сүрөттөлүштө Толстой кандай жөнөкөй, бирок ошол жөнөкөйлүгү менен кандай таасирдүү, түшүнүктүү, кандай чебер. Кыска сүйлөм менен сонун сүрөттү элестетти» - деп Толстойдун сүрөттөө чеберчилигине суктанат. Бул мисал менен кыргыз проза жанрында жазуучулардын аксап аткан жери дал мына ушул сүрөттө чеберчилигинде экенин байкап, чыгармаларда жөнөкөй, бирок көркөм сүрөттү тарта билүүнүн сырларын ачыкка чыгарат. «…биз болсок адамдын ички дүйнөсүн туура тааныш мындай турсун, анын сырткы кебетесин да оңдуу көрө албайбыз. Маселен, сулууну сүрөттөсөк: бели кындай, бети толгон айдай, мойну алманын сабагындай, кашы каламдай (калемдей), көзү каухар таштай, чачы кайыңдын бутагындай жана башка ушулар сыяктуу салыштырууларды табабыз. Ал эми бизге ишенген сүрөтчү табылса, биз айткандай тигил сулуунун сүрөтүн тартса, анда ал сулуу эмес эле, мокочо болуп чыгар. Андай «сулуунун» жанына жигит тургай, кутурган жолборс да даап келе албас» - деген какшыгын жылдырат. Чындыгында ошол мезгилдин айрым жаш жазуучуларынын чыгармаларында сүрөттөө чеберчилиги өз деңгээлине жетпей, супсак, зордоо менен чыккан сөздөрдү бири-бирине жабыштыра тизмектеген узун сабак тексттер жазуучунун адис катары купулуна толбойт. Ошондуктан жаш жазуучуга үлгү болсун катарында чыгарма менен иштөөдө чебер жыгаччы сымал жасаган көркөм буюмуна маани берип, алда нече ирет ылгап карап, текшерип, кайра сүрүп отуруп сырттагы киши эмес өзү кумар ала турган ишти өтөөгө чакырат. Ал үчүн жазуучудан эмгек, эрк талап кылынары айдан ачык. Зерикпестен баса отуруп, ашыкпай, маңыздуу иштеши керек. «Чыгармачылык азабын сезбеген» жеңил иштеген жазуучу өз ишине желип-жортуп жеңил карагандыгы. «Ким ат үстүнөн жеңил иштесе, анын калеминен чыккан роман, повесть көлөм жагынан бараандуу болсо да, мааниси, көркөмдүгү көпшөк, дүмбүл болуп калары талашсыз» - деген көз карашын билдирет.

Чындыгында Т. Сыдыкбековдун өзүнүн калеминен жаралган романдарынын көркөмдүк табиятына саресеп салсак, жазуучуда башкаларга караганда ар бир көрүнүштү, каарманды, анын кебин көз алдына элестетип отуруп, ал тургай алар менен кадимкидей

маңдай-тескей баарлашып отургандай тризде сүрөттөгөнүн байкоого болот. Жазуучу чыгарманын үстүндө иштөөдөгү бул касиетин «Жол», «Белбелес» чыгармаларында бир нече жолу эскерет. Анын өзгөчөлүгү ар бир нерсенин, кубулуштун аталышын өз аты менен берип, диалектилик мүнөздөгү аталыштарды колдонуу менен окурманга жеткирип бергендигинде. Анын сыңарындай ала кушту атынан атай албай, жазуу ишинде сөз таппай кайсалактаган калемдештерине мындай кеңеш берет: «Кыргыздин тилинде тоонун ар бир кичинекей бөлүкчөсүнө чейин аты бар. Анткени далай замандан бери эл жашап келе жатат. Маселен тектир деп коебуз. Ал анчалык чоң эмес жер. Тектирче деп коебуз. Ал андан кичирээк. Курбу-курбуча, жылга-жылгача, жыбыт-жыбытча,…биздин тилде жеке эле тоонун ой-кыры эмес, тоодо өсүп өнгөн көпчүлүк жаныбырдын жана көптөгөн өсүмдүктөрдүн аттары бай. Тилекке каршы биз ошолордун бардыгын биле албай жатабыз» [4:490-б.].

Эгер сен өз эне тилинди жакшы билбей башка тилдерди гана өздөштүрүп алган болсоң маданияттан жалаң кабатсың, бир беткейсиң. Ар башка калктын жазуучулары, окумуштуулары менен сүйлөшкөндө алар бизден алгач биздин элдин турмушу, тили, маданияты жөнүндө сурашат. «Орустун акыны Алексей Сурков: - Силер өз эне тилиңерди мыкты өздөштүрбөй туруп кантип чыгарма жазасыңар», - деп тике айткан сөзүн «адабияттын жаш өнүмдөрүнө» жолдойт.

Мындан сырткары Т. Сыдыкбеков жаш жазуучулардын катарында жазуучу Аман Саспаевдин алгачкы чыгармаларына баам салып, анын «айрым учурларда сөздү орунсуз колдонмоюн» сынга алып, жаңыдан жарык көргөн аңгемесинде карыган кишиге карата колдонгон «карыган абышка» деген аныктамасын четке кагат. Албетте, Т. Сыдыкбековдун көзү менен караганда жашоодо «жаш абышканы жолуктургандар барбы?». Ушул эле жазуучунун «Каяша» деген аңгемесинен «көзгө көрүнбөс өңдөнүп туруп, кылдат баамдаган окурманга жакпас бир сөз бар» экенин баамдайт. Ал сөз «кайырмагына илинди» деген фразеологиялык, метафоралык ыкта колдонулган сөз тизмек. Аңгеменин мазмунуна ылайык бул сөз жаш жигит менен ага көңүлүн койгон жаш кыздын ортосундагы мамилеге карата колдонулган. Жазуучунун байкаган кемчилиги да эгер «булар башынан бири-бирин сыйлашкан түгөйлөр болсо», экөөнүн ортосуна «кайырмактын не кереги бар?». Жазуучу туура баамдаган, чындыгында чыгарманын окуясын гана кууп окуган окурман үчүн бул орундуу эле колдонулган сөз катары учурашы мүмкүн. Буга карата Т. Сыдыкбеков: «бул жерде жаш жазуучу тек бая тентек жигиттердин өз ара каймана тамашаларын кулагына чалдырып алса керек, анан аны калемине илдире салган бейм» - деп жазуучунун кандай мүнөздө иштегендигин да ачыкка чыгарат. Пикиринин аягында А. Саспаевдин жаш жазуучу катарында аракетин, демин кубаттап, жогорудагы сыяктуу мүчүлүштүктөрдөн качуунун жолун көрсөтөт: « эгер автор чын эле тигил арзышкан түгөйлөрдүн асыл, таза арзууларына күбө болорлук элпек, ийкемдүү, жумшак тил тапса, аттигинин, мүнөз дагы ачыла түшөт беле! Ал эми жигит арзууну баалабас селсаяк, орой ашык жарды өмүрлүк жар катары көрбөй, күнүмдүк кумар ордуна эсептеген торпок мүнөздүү көпкөлөң, өзүнө жар табуну кумар жазчу балык кармагандай көргөн терс карман акылдуу, эстүү, жакшынакай кызды азгырып, жазгырып, «кайырмагына илип» алса, анда ал жорук ошол терс каармандын мүнөзүнө кандай эп келише түшөр эле!» [2:129-130-б.] - деп каармандардын образын ачууда сөз мааниси, орду, окуянын жүрүшү канчалык манилүү экенин баса көрсөтөт.

Кыргыз адабиятына жаңыдан кадам таштаган калемгерлер Кубатбек Жусубалиев, Кеңеш Жусупов, Мурза Гапаровдордун алгачкы чыгармаларын окуп, тырнак алды жараткан чыгармалар болгону менен башка жазуучуларга караганда өзгөчөлүктү байкап, кимиси болбосун аңгемелеринде, повесттеринде болгон окуяны «жалган көз менен кыңыр көрүп, аны кургак, супсак баяндоону аябай жек көрүшөт» деп баалап, К. Жусубалиев «Күн авто портретин тартып бүтө элек» повести менен өзгөчөлөнсө, К. Жусупов да, М. Гапаров да адабияттагы жаңы чыгармалары менен жаңы чыйырды салып бергенине токтолот. Ал тургай адабият айдыңында «бул Кубаттын үнү», «бул Кеңештин үнү», «бул

Мурзанын үнү» деп ажыратып айтууга толук мүмкүнчүлүк бар экенин кошумчалайт.

Казактын улуу жазуучусу М. Ауэзовго «сиздин чыгармаларыңызда ушунча нурдуу, көрктүү, куюлуштура сүрөттөөнү кайдан аласыз?» деп сурашса, анда залкар жазуучу: « - Сөз дагы адам сыяктуу болот тура, анын да ала-буласы көп. Орноткон жерине куюлуша төп келип калган сөз бар да, куурайдын башында желп эткен желге күбүлүп түшчүдөй назик учкалак сөз бар. Же болбосо арабага атты кошуп, ага жүктү артсаң, ат жүктү сүйрөгөндөй, сөздүн да ошондой жүк тарткыч милдети да бар. Калк арасында ошондон улам орунсуз сөз, сүйкүмдүү сөз, салкын сөз, жылуу сөз деп сөзгө түркүн түс берилип келбейби. Биз, жазуучулар ошонун баарын билишибиз керек. Ошондой маани маңызына, күч-кубатына, касиетине карап электен өткөрүп албасак, жазгандарыбыз алда бир демеге окшоп калат»[5] – деп жооп берген экен. үлкөн жазуучунун бул маегинен кийин көркөм чыгарманын негизги «жүк көтөрүүчү» функциясы сөз экенин аңдап түшүнүү татаал иш эмес.

**Адабияттар:**


1. Русские писатели о языке. Досукова А.М.(Под обүий редакцией). Хрестоматия. – Ленинград, 1954.
2. Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары: Публицистикалар жана адабий макалалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.
3. Сыдыкбеков Т. Табылга: Макалалар жыйнагы. - : Адабият, 1991
4. Жалилов А., Джумаева Ж. Түгөлбай Сыдыкбеков тил жана адабият жөнүндө. Хрестоматия. – Ош, 2010.
5. Исханов Б. Мухтар Ауэзов жана казак тилинин айрым маселелери. Автореферат. – Алматы, 1997.